# Диндерди өнүктүрүү тарыхы
# 7-класс

**Ак-Суу №1 ЖББОМ мугалими**
**Бакытбекова Кундуз Бакытбековна**

## Тема: Конфуцийдин окуусу

| **Сабактын максаты:** | **Көрсөткүчтөр**: |
|---|---|
| **Билим берүүчү максаты:** окуучулар дин тууралуу, тарыхы тууралуу маалыматка ээ болушат | окуучулар дин тууралуу, тарыхы тууралуу айтып сүрөттөп беришсе |
| **Өнүктүрүүчүлүк максаты:** окуучулар диндерге болгон туура көз караштарды, дин тутунуудагы салттуулуктарды, диндердеги руханий маданияттарды, персонаждарды салыштыруу менен анализдешет: | окуучулар диндерге болгон туура көз караштарды, дин тутунуудагы салттуулуктарды, диндердеги руханий маданияттарды, персонаждарды салыштырып анализдешсе; |
| **Таалим-тарбия берүүчү максаты:** окуучулар ар кандай динге ишенүү же ишенбөө эркиндигин жүзөгө ашырууну, эркин аныктоого тарбияланышат. | окуучулар ар кандай диний агымдардын таасирин алдын алуу, динге ишенүү же ишенбөө эркиндигин жүзөгө ашыруу тууралуу аныкташса |

Сабактын тиби: Билимдерди жалпылоо жана системалаштыруу ,бышыктоо.

Сабактын усулу: класстер, баарлашуу, пикир алмашуу, тегерек стол

Колдонулуучу баалоо усулдары: эксперттик баалоо

Сабактын жабдылышы*:* Компьютер, проектор, экран (интерактивдүү доска), батман, маркер, ж.б.

| | |
|---|---|
| Негизги компетентүүлүк: | а) Маалыматтык компетентүүлүк<br>б) Социалдык коммуникативдик<br>в) Өз алдынча уюштуруу жана маселелерди чечүү: |
| Предметтик компетенттүүлүк: | а) Диндерди таанып- билүүчүлүк<br>б) Жарандык<br>в) Руханий-адептик<br>г) Көп маданияттуулук |
| Мазмундук тилке: | а) Руханий, адеп-ахлактык баалуулуктар<br>б) Диндердин тарыхый мейкиндиги |

| | |
|---|---|
| | в)Диний негиздерди таанып-билүү |

## Сабактын жүрүшү

| Сабактын этаптары | Мугалимдин ишмердүүлүгү | Окуучунун ишмердүүлүгү | Убактысы |
|---|---|---|---|
| Уюштуруу, шыктандыруу | Мугалимдин окуучулар менен саламдашуусу жана окуучулардын сабакка даярдыгына көз салуу. | Саламдашуу жана окуучулар сабакка даяр экендигин билдиришет. | 2м |
| Окуучулардын билимин актуалдаштыруу | Балдар, азыркы мезгилде жер шаарында үч дүйнөлүк дин бар, алар буддизм, христиан жана ислам диндери экени силерге белгилүү. | Окуучулар өз билимдерине таянуу менен билгендерин айтып беришет. | 7м |
| Сабактын темасын, максатын күтүлүүчү натыйжалары | Мугалим доскага жаңы теманы жазат же экранга слайдагы жаңы теманын аталышын көрсөтөт. Сабактын максатын түшүндүрүү менен кандай ишмердүүлүк жүргүзөрүн айтат. | Окуучулар теманы жазышат. Бүгүнкү сабакта кандай ишмердүүлүк жүргүзүп, эмнеге жетише тургандыктарын билдиришет. | 3м |
| Жаны материалды түшүндүрүү, текстер, тестер менен иштөө | Жаңы теманы өздөштүрүү<br><br>**Конфуцийчилик байыркы Кытайда б.з.ч. VI-V кылымдарда пайда болуп кеңири тараган. Анын негиздөөчүсү белгилүү ойчул жана философ Кун-цзы (европалыктар Конфуций деп аташкан) б.з.ч. 551- 479-жж. Жашап өткөн.**<br><br>План:<br>1. Конфуций эмнеге окутат? Жэнь жана Сяо категориясы (мамлекет, үй бүлө, улууну сыйлоо, ата-бабалардын арбагын эстөө жана кадырлоо)<br>2. Конфуциандыктын башка диндерден өзгөчөлүгү<br><br>1.Конфуций эмнеге окутат? Жэнь жана Сяо категориясы (мамлекет, үй бүлө, улууну сыйлоо, ата-бабалардын арбагын эстөө жана кадырлоо)- Азыркы учурда Кытайда официалдуу түрдө кабыл алынган үч дин бар. Алар | Суроолор менен иштөө | 15 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | Конфуцианство, Даосизм жана Буддизм. Ушул үч диндин ичинен эң негизгиси Конфуцианство болуп эсептелет. Кытайлыктар бул үч динден мурда ар кандай жөрөлгөлөргө ишенип келишкен. Бул жөрөлгөлөрдүн борборунда ата – бабаларга болгон сый урмат турган. Кытайлардын жашоосунда ата – бабалардын жашоосунан үлгү алып жошоо милдет катары каралгандыктан ар бир кытайлык өзүнүн үйүнүн бир бөлмөсүн ата– бабалардын арбактарына жана алардан мурас калган нерселерге аташы керек болгон. Кытайлыктардын диний ишенимдери жана ритуалдары ата – бабаларга көрсөтүлгөн урмат сыйдын айласында аткарылган. Алардын мындай ишенимдерине «аталар культу» делет. Кытайлардын ишеними боюнча бул принцип эки каршы нерсенин өз ара мамилеси катары каралган. Бардык нерселер ушул эки карама каршылыктын негизинде ишке ашып турат деп ишенилген. Мисалы: Асман жана жер, караңгылык жана жарыктык, аял жана эркек, Күн жана Түн, жакшы жана жаман ж.б. Эгерде ушул эки нерсенин бирөөсү болбой турган болсо, анда экинчисин түшүнүүгө болбойт деп эсептешкен. Ааламдагы мыйзамдуулук мына ушул эки нерсенин өз ара кызматташунун натыйжасында айланып турат. Бул эки нерсенин башында «Тао» деп аталган жогорку күч негизги орунду ээлеген. Тао түшүнүгү Конфуцианстводо жана Даосизмде негизги пикирдин очогу болуп эсептелген. Конфуцианство ишеними Б.з.ч. 140-37- жылдары падыша Ву Тинин доорунан баштап Б.з. 1912- жылына чейин кытайдын расмий ишеними болуп келген.<br><br>**2.Конфуциандыктын башка диндерден өзгөчөлүгү**<br><br>Конфуций эч качан өзүн диндин негиздөөчүсү же болбосо пайгамбар деп айткан эмес. Бирок Конфуций өлгөндөн кийин анын насаттары, адеп – ахлак принциптери жана философиялык доктриналары дин катары кабыл алынып калган. Анын максаты дин куруу же болбосо дин алып келүү болгон эмес. Тескерисинче кытай элинин унутулуп калган каада салттарын кайрадан жандандыруу болгон. Конфуцианстводо кудай «Тиен» деп аталган. Бул кудай асманда болгондуктан аны Көкө Теңир деп да аташкан. Көкө Теңир асманды бийлеген. Ал эми анын асты жагында | | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | көзгө көрүнбөгөн жандыктар, жиндер, перилер, булут, суу,<br><br>тоо, жана аталардын арбактары турган. Конфуций Тиен менен кошо Тао сөзүн колдонгон. Бул да кудай деген мааниге келген. Конфуций өзүнүн сөздөрүндө; «Эрте менен Таону эскерген киши намашанда жеңил өлөт». –деп айтат. Конфуцианствонун системалуу түрдө ишеним негиздери жок. Бирок негиздөөчүсү, ыйык жазуулары жана кудай түшүнүгү бар. Конфуцианство боюнча кудайдын милдети бей-бечара адамдарды коргоо жана аларга көзөмөл болуп туруусу үчүн өкүмдарларды жөнөтүү болгон. Кудай дайыма<br><br>адамдар менен бирге. Ал тирилтүүчү жана өлтүрүүчү. Ошондой эле жаман кишилерди жазандыруучу болуп эсептелген. | | |
| Кайтарым байланыш жана окуучулардын билгичтиктерин бышыктоо. | Суроолор менен иштөө:<br><br>1. бул сабакта өзүнөргө жаккан эки нерсени дептеринерге жазгыла.<br><br>(жазгандан кийин талкуулашат) | Топто иштөө, класстер түзүшөт, тестер мн иш | 12 |
| Жыйынтыктоо жана баалоо | Балдар силер бул сабактан кандай маалымат алынар, пайдалуу болдубу? | Окуучулар өз ойлорун айтышат | 5 |
| Үйгө тапшырма: | 1.Теманы окуп келүү<br><br>2.Түшүнүктөрдү жазып келүү | | 1 |


Конфуций
Артыңан сөз кылышса,
демек сен алдыда
баратасың
Кыргызча цитаталар